Кыргыз Республикасынын
Агартуу министрлигинин
«4» декабрындагы
2025-жылдын
№1451/1
буйругу менен бекитилген

# АЙДООЧУЛАРДЫ ДАЯРДОО БОЮНЧА КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**Кесиби: Автомобилдин айдоочусу**
**Квалификациясы: 8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу**

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобиль айдоочусу)** кесиби боюнча кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын "Автомобиль транспорту жөнүндө" Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын **18-декабрындагы № 819 токтомундагы** «Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө» жобого жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте бекитилет.

Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптары менчигинин түрүнө жана ведомстволук таандыктыгына карабастан, кесиптик билим берүү уюмдары тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш болгон минималдуу талаптар болуп саналат.

2. Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар:

**кесиптик/эмгектик ишмердүүлүктүн түрү** – тектеш мүнөзгө, натыйжаларга жана эмгек шарттарына ээ болгон жалпыланган эмгектик функциялардын жыйындысы;

**экономикалык ишмердүүлүктүн түрү** – ишмердүүлүктүн түрлөрүн классификациялоонун эң майда категорияларын мүнөздөөчү, бир тектүү продукциянын (товарлардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн) топтомун алууга алып келүүчү процесс;

**мамлекеттик билим берүү стандарты** - билим берүү программасынын минималдуу мазмунун, билим берүүнүн деңгээлдери боюнча даярдоого базалык талаптарын аныктоочу, окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу формалдуу билим берүүгө талаптардын коомдук макулдашылган жыйындысы;

**интеграцияланган программа** - бул башталгыч кесиптик жана жалпы орто билим берүү программаларын бириктирүүнүн негизинде иштелип чыккан, негизги жалпы билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнө жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берүүчү билим берүү программасы;

**дистанттык окутуу формасы** - электрондук билим берүү ресурстарын, платформаларды, аралыктан аутентификациялоо жана контролдоо системаларын колдонуу менен билим берүү программасын ишке ашыруу формасы;

**гибриддик (аралаш) окутуу формасы** - күндүзгү жана дистанттык окутуу ыкмаларын санариптик фиксациялоо жана натыйжаларды тастыктоо системаларын колдонуу менен айкалыштырган билим берүү процессин уюштуруу;

**LMS-системалар** - билим берүү программаларын түзүүгө, башкарууга, көзөмөлдөөгө жана автоматташтырууга мүмкүндүк берүүчү программалык камсыздоо (окутууну башкаруу тутуму);

**VR/AR** тренажерлор – чыныгы кырдаалдарды окшоштуруу жана көндүмдөрдү өздөштүрүү үчүн виртуалдык (VR) жана толукталган (AR) реалдуулук технологияларын колдонгон окутуу программалары;

**Mobile ID** – уюлдук телефон аркылуу инсанды электрондук идентификациялоо. Ал өз инсандыгын тастыктоого жана документтерге онлайн кол коюуга мүмкүндүк берет, физикалык катышуусуз;

**прокторинг системасы** – аралыктан экзамен же тест учурунда билим алуучуга көз салып, көчүрүүгө жол бербөө үчүн онлайн-көзөмөл технологиясы;

**квалификация** - белгиленген үлгүдөгү документ менен ырасталган, окууга жана кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн аткарууга даярдыгын мүнөздөгөн билим деңгээли, көндүмдөрү жана социалдык-инсандык компетенциялары;

**модуль** – окутуунун максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүгү бар, окуу дисциплинасынын бөлүгү;

**даярдоо багыты** - Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагынын деңгээлдерине ылайык даярдоо үчүн билим берүү программаларынын комплекси;

**компетенция** - билим алуучунун белгилүү бир чөйрөдө натыйжалуу өндүрүмдүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим берүү даярдыгына карата алдын ала коюлган социалдык талап (норма);

**кредит (кредит-саат)** - негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;

**улуттук квалификациялар алкагы** - квалификациялардын деңгээлдерин критерийлердин топтомуна ылайык структураланган сүрөттөлүшү, улуттук квалификациялык подсистемаларын интеграциялоого жана координациялоого багытталган, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыз кылуу жана шайкештикти ырастоо жана квалификацияларды берүү системасынын негизи болуп саналат;

**жалпыланган эмгек функциясы** - бул конкреттүү өндүрүштүк, өндүрүштүк эмес же бизнес-процессте түзүлгөн жана кесиптик стандарттын бирдиги болуп саналган өз ара байланышкан эмгек функцияларынын жыйындысы;

**кесиптик ишмердүүлүктүн объектиси** - эмгек ишмердүүлүгүнүн процессинде таасир этүүгө багытталган предметтер, кубулуштар, процесстер;

**билим берүү программасы** - кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээли боюнча билим берүү процессинин максаттарын, милдеттерин, пландаштырылган натыйжаларын, уюштурулушун аныктоочу конкреттүү багыт, адистик же кесип боюнча билим берүүнүн мазмуну;

**жумуш ордунда окутуу** - билим берүү уюмунда окуучулар тарабынан жалпы жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү алууга багытталган, милдеттүү практикалык окутуу жана кесиптик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө, ошондой эле билим берүү уюмунун өндүрүштүк бөлүмдөрүндө/комплекстеринде жана (же) ишканалардын/уюмдардын базасында иш тажрыйбасын алуу менен кадрларды даярдоо системасы;

**кесиптик стандарт** - кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн жүзөгө ашыруу жана белгилүү бир эмгек функциясын аткаруу үчүн зарыл болгон квалификациянын мүнөздөмөсү;

**окутуунун натыйжалары** - окуу процесси ийгиликтүү аяктагандан кийин окуучудан кандай билим, билгичтик жана көндүмдөр күтүлөрү жөнүндөгү ырастоо;

**дисциплиналар цикли** - билим берүү программасынын бир бөлүгү же окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык бүтүндүгүнө ээ болгон окуу дисциплиналарынын жыйындысы;

**автодром (окуу аянты)** - жол шарттарын имитациялаган элементтер жана тоскоолдуктар менен жабдылган жана башкаруунун алгачкы көндүмдөрүн өздөштүрүүгө арналган атайын аянт.

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү кыскартуулар колдонулат:

МБС - мамлекеттик билим берүү стандарты;

КБ – кесиптик билим берүү;

КР КУА - Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагы;

ОМБ - окуу-методикалык бирикмелер.

## 2-бөлүм. Колдонуу чөйрөсү

3. Бул МБС **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобиль айдоочусу)** кесиби боюнча башталгыч кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана окуу, уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуу, билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо үчүн негиз болуп саналат.

4. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча бул МБСнын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- өз билим берүү уюмдарында бул кесип боюнча илим, техника жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эске алуу менен билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке ашыруу жана жаңылоо үчүн жооптуу администрация жана педагогикалык курам;

- бул кесип боюнча билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча окуу ишмердүүлүгүн натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу, бул кесип боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүп жаткан окуучулар;

- кесиптик ишмердүүлүктүн тиешелүү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөр;

- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча МБСти иштеп чыгууну камсыз кылуучу ОМБ;

- кесиптик билим берүү тутумунда мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

- көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарынын аккредитациялык агенттик тарабынан белгиленген стандарттарга, жол-жоболорго жана эрежелерге ылайык келүүсүнө тышкы баа берүүнү жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер.

## 3-бөлүм. Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу) кесибинин жалпы мүнөздөмөсү

5. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобиль айдоочусу)** кесиби боюнча билим берүү программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-кечки;
- аралыктан (онлайн).

Кесип боюнча билим берүү программасын аралыктан (онлайн) формада өздөштүрүүдө практикалык сабактар инструктордун коштоосунда милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш. Практикалык сабактарды инструктордун катышуусу жок, окуучунун өз алдынча өткөрүшүнө жол берилбейт.

6. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине карата талаптар.

Абитуриент тапшырууда төмөнкү документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- орто жалпы билим жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билим жөнүндө күбөлүк.

7. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча билим берүү программасын күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтү:

- негизги жалпы жана орто жалпы билимдин базасында – 10 ай;
- кесиптик даярдоо, кайра даярдоо программалары 1 жылга чейин.

8. Кесиптик билим берүү программасынын түзүмүнө ылайык (1-тиркеме), билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылына (стандарттуу окууда 10 ай) кеминде 320 саатты түзөт, ага предметтер боюнча лабораториялык-практикалык сабактарды жана 70 саат практикалык айдоону (сааттардын сеткасынан тышкары) кошуу менен. 10 ай окууда окуу жүктөмүнүн көлөмү сааттык система боюнча эсептелет (жумасына 8 академиялык саат).

Билим алуучулардын максималдуу окуу жүктөмүнүн көлөмү жумасына 8 академиялык саатты түзөт, анын ичинде билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча аудиториялык жана практикалык (өз алдынча) окуу иштеринин бардык түрлөрү кирет.

Күндүзгү окуу формасында жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү кесиптин өзгөчөлүгүн эске алуу менен кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты менен аныкталат, ар бир окуу дисциплинасын же кесиптик модулду (мисалы, Жол эрежелери предметине 122 саат бөлүнсө, анын 80%ы же 98 сааты - бул аудиториялык сабактар, калган 24 сааты лабораториялык-практикалык сабактар).

Айдоо боюнча практикалык сабактар инструктордун (айдоо боюнча инструктордун тиешелүү документи бар) коштоосунда өткөрүлүшү керек.

9. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча кесиптик билим берүү программасынын максаты:

- окутуу жаатында төмөнкүлөр болуп саналат: билим алуучулардын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногунда тандалган иш чөйрөсүндө белгилүү бир ишти аткаруу үчүн туруктуулугуна өбөлгө түзүүчү жалпы жана кесиптик компетенцияларды өздөштүрүү;
- билим алуучуларда Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары жерлерде транспорт каражаттарын коопсуз, жоопкерчиликтүү жана мыйзамдуу башкарууну камсыз кылуучу, окутуунун жана контролдоонун заманбап санариптик технологияларын колдонуу менен теориялык билимдердин, практикалык көндүмдөрдүн жана компетенциялардын комплексин калыптандыруу;
- жол кыймылынын эрежелерин терең билген квалификациялуу айдоочуларды даярдоо;
- транспорт каражатын коопсуз, үнөмдүү жана экологиялык жактан таза башкаруу көндүмдөрүн калыптандыруу;
- билим алуучуларда укуктук маданияттын, жоопкерчиликтин жана айдоочунун жүрүм-турум этикасынын көндүмдөрүн калыптандыруу;
- психофизиологиянын негиздерин өздөштүрүү жана стресстүү жол кырдаалдарына туруктуулукту жогорулатуу;
- автодромдун жана шаардык жолдордун шарттарында айдоо боюнча практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү;

- жол-транспорт кырсыктарынын катышуучуларына биринчи жардам көрсөтүү көндүмдөрүн калыптандыруу.

- инсанды тарбиялоо жаатында билим алуучуларда социалдык-инсандык сапаттарды: максаттуулукту, уюшкандыкты, эмгекчилдикти, жоопкерчиликти, жарандуулукту, коммуникабелдүүлүктү, толеранттуулукту калыптандыруу жана жалпы маданиятын жогорулатуу болуп саналат.

10. Экономикалык ишмердүүлүктүн түрү: жүк ташуучу автомобиль транспорту.

11. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн чөйрөлөрү:

- «С» категориясындагы автомобилди башкаруу;

- жолдо транспорт каражаттарына техникалык тейлөө жүргүзүү;

- жүктөрдү ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуу иштерин аткаруу;

- графигине баш ийген же баш ийбеген жүк ташуучу автомобиль транспортунун ишмердүүлүгү: жыгач материалдарын ташуу, жаныбарларды ташуу, муздаткыч (рефрижератор) менен ташуу, оор жүктөрдү ташуу, таңгакталбаган жүктөрдү, анын ичинде автоцистерналар менен ташуу, автомобильдарды ташуу;

- эмерек ташууну жүзөгө ашыруу.

12. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери болуп төмөнкүлөр саналат:

- атайын жабдуулар;

- шаймандар жана түзүлүштөр;

- автотранспорт каражаттары.

13. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү кесиптик ишмердүүлүккө даяр.

## 4-бөлүм. Билим берүү программасын ишке ашыруу шарттарына жалпы талаптар

14. Билим берүү уюмдары эмгек рыногунун муктаждыктарын эске алуу менен кесиптик билим берүүнүн тиешелүү деңгээлинин билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгышат. Билим берүү программасы кесип боюнча тиешелүү МБСтин, Улуттук квалификациялык алкагы, тармактык жана сектордук квалификациялык чектөөлөрдүн жана кесиптик стандарттардын негизинде иштелип чыгат.

15. Билим берүү уюмдары билим берүү программаларын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүшүн эске алуу менен, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын сунуштарына ылайык, 5 (беш) жылда бир жолудан кем эмес жаңыртып турушат.

Билим берүү программаларын жаңыртуу төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегияны иштеп чыгуу;

- билим берүү программаларына мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү;

- билим алуучулардын билиминин жана жөндөмүнүн деңгээлин, көндүмдөрүн, бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүн баалоонун объективдүү жол-жоболорун иш берүүчүлөр менен макулдашылган бүтүрүүчүлөрдүн компетенттүүлүгүнө болгон талаптардын негизинде иштеп чыгуу;

- педагогикалык курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыздоо;

- ишке ашырылып жаткан билим берүү программасын жетиштүү ресурстар менен камсыздоо, аларды пайдалануунун натыйжалуулугун контролдоо;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген аккредитациянын минималдуу талаптары боюнча үзгүлтүксүз өзүн-өзү баалоону жүргүзүү;

- коомчулукту өзүнүн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоо.

16. Билим алуучулардын жана бүтүрүүчүлөрдүн даярдык сапатын баалоо алардын учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларын камтууга тийиш.

17. Билим алуучулардын учурдагы аттестациясы билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленген баалоо системасынын негизинде жүргүзүлөт.

18. Билим алуучуларды аралыктагы аттестациясы дисциплиналар/модулдар боюнча окуунун жыйынтыктары боюнча баалар коюлат. Билим алуучуларды жана бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик компетенттүүлүгүнүн сапатын баалоо билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган тартипте көндүмдөрдү аттестациялоону камтууга тийиш.

19. Билим алуучуларды жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы окуунун толук курсу аяктагандан кийин өткөрүлөт. Мамлекеттик аттестациялык сыноолордун түрлөрү билим берүү уюму тарабынан Кыргыз Республикасынын бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат. Окуу планында каралган окуунун толук курсун аяктаган бүтүрүүчү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет.

20. Билим алуучуларды жеке жетишкендиктеринин тиешелүү билим берүү программасынын талаптарына ылайык келүүсүн текшерүү үчүн учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялар үчүн типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди жана алынган компетенциялардын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү практикалык

тапшырмаларды камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

21. Билим берүү программасында тиешелүү кесиптик билим берүү деңгээлиндеги билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын калыптандыруу үчүн жетиштүү болгон ресурстук материалдык-техникалык шарттары жана окуу-методикалык камсыздоосу көрсөтүлүшү керек.

22. Кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- социалдык-маданий чөйрөнү түзүүгө;
- билим алуучуларды ар тараптуу өнүгүүсү жана социалдашуусу, ден соолугун сактоо үчүн зарыл шарттарды түзүүгө;
- тарбиялык/сабактан тышкаркы билим берүү процессинин компоненттерин өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө, анын ичинде өзүн-өзү башкарууну өнүктүрүү, билим алуучуларды коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун камсыз кылууга.

23. Билим берүү программасы билим берүү уюмунун кароосу боюнча пайдаланылуучу убакыт резервин (20 саат) камтыйт.

24. Билим берүү уюму окуучуларга билим берүү программасына (дисциплиналар, модулдар), окуу курстарына, билим берүү платформасына жеткиликтүүлүктү камсыз кылууга милдеттүү.

25. Билим берүү уюму окуучуларды окуу планында каралган билим берүү программасын түзүүдөгү алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга милдеттүү.

26. Билим берүү уюму билим берүү программасын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда гендердик теңчилик саясатын эске алууга, социалдык инклюзияны камсыз кылууга, ошондой эле санариптештирүүнү өнүктүрүүгө милдеттүү.

## 5-бөлүм. Билим берүү программасын ишке ашырууда окуучунун укуктарына жана милдеттерине карата жалпы талаптар

27. Билим алуучуларды өзүнүн жеке билим берүү траекториясын түзүүдө билим берүү уюмунан дисциплиналарды тандоо жана алардын келечектеги кесибине/адистигине тийгизген таасири боюнча консультация алууга укуктуу.

28. Билим берүү программасын өздөштүрүүдө компетенцияларды өнүктүрүү бөлүгүндөгү натыйжаларга жетүү максатында окуучулар коомдук уюмдардын, чыгармачылык клубдардын ишине катышууга укуктуу.

29. Билим алуучуларды билим берүү уюмунун билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттө аткарууга милдеттүү.

## 6-бөлүм. Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу) кесиби боюнча билим берүү программасынын мазмунуна коюлуучу талаптар

30. **Автомобилдин айдоочус (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча бүтүрүүчү ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 11-пунктунда көрсөтүлгөн билим берүү программасынын максаттарына ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болууга тийиш:

**- жалпы:**

ЖК-1. Айлана-чөйрөнү коргоо жана өндүрүштүк экология жөнүндө билимдерди колдоно алат; коопсуз жана сергек жашоо образын уюштура алат;

ЖК-2. Өзүнүн оозеки жана жазуу жүзүндөгү кебин мамлекеттик (B1 деңгээли) жана расмий тилдерде кесиптик баарлашуу деңгээлинде логикалык жактан кура алат;

ЖК-3. Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно алат;

ЖК-4. Командада иштей алат, кесиптештер, жетекчилик, керектөөчүлөр менен натыйжалуу баарлаша алат;

ЖК-5. Өзүнүн ишмердүүлүгүн пландоого жана уюштурууга жөндөмдүү;

ЖК-6. Кесиптик ишмердүүлүктө базалык ишкердик билимдерин жана көндүмдөрүн колдоно билүүгө жөндөмдүү.

**- кесиптик:**

КК 2.1. Уруксат берилген максималдуу салмагы 3500 кг ашкан, «С» категориясындагы («D» категориясына кирген транспорт каражаттарынан тышкары) автомобилдерди башкаруу;

КК 2.2. Жолдо транспорт каражаттарына техникалык тейлөө жүргүзүү;

КК 2.3. Жүктөрдү ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча иштерди аткаруу.

31. Билим берүү программасы кесиптик билим берүүнүн деңгээлин эске алуу менен ушул мамлекеттик билим берүү Макетине тиркелген түзүмгө ылайык иштелип чыгат.

Кесиптик циклдин дисциплиналары аймактык эмгек рыногунун талаптарына жана билим берүүнү улантуу мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык бүтүрүүчүнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылуу боюнча зарыл компетенцияларды алуу үчүн базалык (милдеттүү) бөлүккө ээ.

32. Бүтүрүүчү квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө коюлуучу талаптарды билим берүү уюму кесиптик билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга ылайык аныктайт.

## 7-бөлүм. Окуу процессин кадрлар менен камсыз кылуу

33. Билим берүү программасын ишке ашыруу педагогикалык кадрлар тарабынан камсыздалышы керек, алар кесиптик билим берүү деңгээлине, окутулган дисциплинанын профилине ылайык келген билими бар жана системалуу түрдө илимий жана методикалык ишмердүүлүк менен алектенишет. Билим алуучулардын тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү компетенциясы кошумча билим берүү жөнүндөгү документтер (сертификаттар, күбөлүктөр, дипломдор ж.б.) менен да тастыкталышы мүмкүн.

34. Кесиптик билим берүү циклинин окутуучулары тиешелүү адистик боюнча орто кесиптик же жогорку кесиптик билимге ээ болууга тийиш. Билим алуучулардын кесиптик циклинин өздөштүрүлүшүнө жооптуу окутуучулар үчүн тиешелүү кесиптик чөйрөдөгү уюмдарда кеминде 3 жылдык иш тажрыйбасы милдеттүү болуп саналат.

Өндүрүштүк окутуунун устаттары (Башталгыч кесиптик билим берүү мекемелеринде) башталгыч кесиптик же орто кесиптик билими болушу шарт.

Айдоо боюнча практикалык сабактарды өткөргөн өндүрүштүк окутуунун устаттары ушул категория боюнча 5 жылдан кем эмес иш стажына жана айдоо инструкторунун тиешелүү күбөлүгүнө ээ болууга тийиш.

Окутуучулар жана өндүрүштүк окутуунун устаттары профилдик уюмдарда 3 жылда бир жолу стажировкадан өтүп турууга тийиш.

Окутуучулары: тиешелүү категориядагы айдоочулук күбөлүгү бар, кеминде 3 жылдык тажрыйбасы бар профилдик билими бар адистер болушу керек.

Айдоо боюнча инструкторлор: тиешелүү категориядагы айдоочулук күбөлүгү бар, 5 жылдан кем эмес стажы барлар.

Жол-транспорт кырсыгында биринчи жардам корсөтүү боюнча окутуучулар: айдоочулук күбөлүгү бар, профилдик билими бар адистер же медициналык билими бар адистер.

Психофизиологдор: айдоочулук күбөлүгү бар, профилдик билими бар адистер.

## 8-бөлүм. Окуу процессин окуу-методикалык жана маалыматтык жактан камсыздоо

35. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу ар бир билим алуучунун негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын толук тизмеси боюнча түзүлгөн маалымат базаларына жана китепкана фонддоруна жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

*Милдеттүү окуу китептеринин жана методикалык колдонмолордун тизмеси:*

1. Д.С. Токтакунов. Жол кыймылынын эрежелери. Изд., «Кенеш», - Бишкек, 2018.
2. В.М. Винградов, О.В. Храмцова. Техническое обслуживание и ремонт автомобилей. Изд., «Академия», Москва, 2015.
3. Автомобилдерди ондоочу слесарь (инжектор), - Бишкек, 2017.
4. Э.Д. Молдалиев «Устройство и техническое обслуживание автомобилей и электромобилей» – Б. 2025.
5. Э.Д. Молдалиев – Жол кыймылынын эрежелери. – Бишкек, 2018.
6. Е. Троценко. Автомеханик. Изд., «JFOLIANT», - Астана, 2015.
7. Д.С. Токтакунов. Сборник УПД для подготовки водителей автомототранспортных средств. Изд., «Кут-Бер», - Бишкек, 2020.
8. Р. Рузиев, М. Асаналиев. өндүрүштүк устаттын колдонмосу. Изд., «Калем», - Бишкек, 2020.
9. М. Арапбек, А. Баубек. Технические средства регулирования дорожного движения. Изд., «JFOLIANT», - Астана, 2010.
10. В.И. Ваганов, А.А. Рывкин. Вождение автотранспортных средств. Изд., «Транспорт» - Москва, 1991.
11. Маткеримов Т.Ы., Молдалиев Э.Д. Правила дорожного движения. Первая медицинская помощь при ДТП. – Изд. «Учкун», Бишкек, 2026;
12. Молдалиев Э.Д. Правила дорожного движения. – Изд. «Учкун», Бишкек, 2026;
13. Молдалиев Э.Д., Дондошов Т.А., Токтакунов Д.С. Психофизиологические и, правовые основы деятельности и этика водителя. – Изд. «Учкун», Бишкек, 2026;
14. Токтакунов Д.С. Правила дорожного движения. – Изд. «Учкун», Бишкек, 2026.»;

36. билим алуучулардын негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары жана/же электрондук адабияттар менен камсыз болушу лицензиялык талаптарга жооп бериши керек. Окуу маалымат булактары заманбап талаптарга жооп бериши керек.

37. Билим берүү процессинде мыйзам актылары, ченемдик документтер, кесипке багытталган мезгилдүү басылмалардын материалдары колдонулушу керек.

38. Билим берүү уюму ар кандай формадагы, анын ичинде аралыктан (онлайн) окутууну камтыган кесиптик окууну уюштуруу үчүн шарттарды камсыз кылууга милдеттүү.

## 9-бөлүм. Окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо

39. **Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу)** кесиби боюнча кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму окуучулардын бардык дисциплинардык, дисциплиналар аралык даярдык жана практикалык иштерин өткөрүүнү камсыз кылуучу тиешелүү материалдык-техникалык базага ээ болууга тийиш:

- практикалык сабактарды жана айдоону аткаруу үчүн автодром (аянтча);
- окуу устаканасы же базасы (автомобилди оңдоо жана техникалык тейлөө боюнча);
- окуу инвентары (окуу тренажеру, стенддер, плакаттар, автомобилди оңдоо жана тейлөө үчүн шаймандардын комплекти);
- аралыктан окутуу платформасы, прокторинг системасы, Mobile ID.

**Бөлмөлөрдүн, лабораториялардын, устаканалардын жана башка жайлардын тизмеси.**

**Кабинеттер:**

- автомобилдин түзүлүшү жана техникалык тейлөөсү;
- жол кыймылынын эрежелери жана коопсуздугу;
- жол-транспорт кырсыгында биринчи жардам корсөтүү жана айдоочунун психофизиологиялык, укуктук ишмердүүлүгүнүн негиздери жана этикасы;
- маалыматтык технологиялар (компьютердик класс);
- билим берүүчү онлайн окутуу платформасы менен маалыматтык технологиялар (компьютердик класс).

**Лабораториялар/устаканалар:**

- автомобилдин түзүлүшү жана техникалык тейлөөсү боюнча окуу лабораториялары;
- VR/AR тренажерлор;
- окуу айдоо үчүн автодром жана окуу автомобилдери;
- биринчи жардам көрсөтүүдө көндүмдөрүн иштеп чыгуу үчүн медициналык манекендер.

**«С» категориясындагы айдоочуларды даярдоо боюнча билим берүү программасынын түзүмү**

| Код | Окуу дисциплиналары жана аларды өздөштүрүүнүн пландалган натыйжалары | Милдеттүү окуу сабактарынын көлөмү (академиялык саат) 10 ай | Дисциплиналардын жана междисциплинардык курстардын коддору жана тизмеси | Калыптанган компетенция коддору |
|---|---|---|---|---|
| **1.** | **Кесиптик даярдоо** | **320** | | |
| | **Жалпы кесиптик цикл (*)** | **320** | | |
| ЖКД 1.1.1 | **Транспорт каражаттарынын түзүлүшү жана техникалык тейлөөсү**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- уруксат берилген эң жогорку салмагы салмагы 3500 килограммдан ашкан жана айдоочунун отургучунан тышкары сегизден ашпаган отургучтары бар «С» категориясындагы (транспорт каражаттарынын «D» категориясына киргендеринен тышкары) автомобилдерди башкаруу;<br>- функционалдык системалардын, түйүндөрүнүн жана агрегаттарынын жалпы түзүлүшү жана жайгашуусу;<br>- автомобилдин тартуу режиминин кыймылын башкаруу системасы – «кыймылдаткыч - трансмиссия - жүрүүчү бөлүк – автмобилдин башкаруу органдары - электр жабдуулары - жолдун таяныч бети»;<br>- бензин кыймылдаткычтарынын күйүүчү май менен камсыздоо жана от алдыруу системасы;<br>- автомобилдин тормоздук режиминин кыймылын башкаруу системасы; | 38 | ЖКД 1.1.1 Транспорт каражаттарынын түзүлүшү жана техникалык тейлөөсү | ЖК 1- 6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - гибриддик автомобилдердин жана электромобилдердин түзүлүшү;<br>- техникалык тейлөө жана диагностика жөнүндө түшүнүк;<br>- маданияттуу жана сылык болуу, этикетти сактоо жана жол кырсыгы болгон учурда жардам көрсөтүү, ошондой эле иш жүзүндөгү кырдаалдар.<br>***<u>көндүмдөргө ээ болууга тийиш:</u>***<br>- автотранспорт каражатын ар кандай аба ырайы жана жол шарттарында иштетүүгө даярдоо;<br>- транспорт каражаттарын күйүүчү-майлоочу материалдар жана атайын суюктуктар менен экологиялык талаптарды сактоо менен толтуруу;<br>- транспорт каражаттарын иштетүү учурунда пайда болгон, түйүндөрдү жана агрегаттарды ажыратууну талап кылбаган майда бузулууларды коопсуздук техникасынын талаптарын сактоо менен жоюу. | | | |
| ЖКД 1.1.2 | **Транспорт каражаттарын башкаруунун негиздери жана жол кыймылынын коопсуздугу**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу<br>***<u>билүүгө тийиш:</u>***<br>- ар кандай жол жана аба ырайы шарттарында транспорт каражаттарын коопсуз башкаруу;<br>- өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүү;<br>- эмоционалдык абалдын нормалары, жол кыймылынын башка катышуучуларынын укуктарын сыйлоо, жол кыймылынын катышуучуларынын ортосунда келип чыккан инсандар аралык чыр-чатактарды конструктивдүү чечүү;<br>- чыгар алдында жана сапар учурунда транспорт каражаттарын контролдук текшерүү эрежелери.<br>***<u>көндүмдөргө ээ болууга тийиш:</u>*** | 60 | ЖКД 1.1.2 Транспорт каражаттарын башкаруунун негиздери жана жол кыймылынын коопсуздугу | ЖК 1- 6<br>КК-1.1.1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - автомобилди башкаруу органдарын техникалык жактан пайдалануу;<br>- автомобилдин чектелген аймакта, кесилиштерде жана жөө жүргүнчүлөр өтмөктөрүндө, транспорт агымында башкаруу;<br>- автомобилди түнкүсүн жана көрүүсү чектелген шарттарда, өзгөчө жана татаал жол шарттарында башкаруу<br>- автомобилдин иштөө көрсөткүчтөрү, айдоочунун кесиптик ишенимдүүлүгү, айдоочунун эмгегинин психофизиологиясынын негиздери, айдоочунун этикасы, жол шарттары;<br>- жол кыймылынын эрежелерин сактоо;<br>- зыян келтирүү үчүн жарандык жоопкерчиликти камсыз кылуу, жаратылышты коргоонун укуктук негиздери;<br>- транспорт каражаттарын пайдалануу учурунда пайда болгон, түйүндөрдү жана агрегаттарды ажыратууну талап кылбаган майда бузуктарды коопсуздук техникасынын талаптарын сактоо менен жоюу;<br>- кыймылдын коопсуздугун сактоо менен үнөмдүү пайдалануу жана башкаруу. | | | |
| ЖКД 1.1.3 | **Жол кыймылынын эрежелери**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- транспорт каражаттарын пайдалануу эрежелери;<br>- жүктөрдү жана жүргүнчүлөрдү ташуу эрежелери;<br>- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жол кыймылынын эрежелерин, транспорт каражаттарын пайдалануу эрежелерин жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ченемдерди бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтин түрлөрү;<br>- транспорт каражаттарынын негизги механизмдеринин жана приборлорунун арналышы, жайгашкан жери, иштөө | 122 | ЖКД 1.1.3 Жол кыймылынын эрежелери | ЖК 1- 6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | принциби;<br>- транспорт каражаттарынын техникалык абалын текшерүүдө, жүктөө-түшүрүү иштерин жүргүзүүдө коопсуздук техникасынын эрежелери;<br>- транспорт каражаттарын жолго чыгар алдында текшерүүдөн өткөрүү жана ага техникалык тейлөө иштеринин аткарылышынын тартиби;<br>- транспорттук каражаттарды пайдаланууга же алардын мындан аркы кыймылына тыюу салган бузулуулардын жана шарттардын тизмеси;<br>- бузулууларды жоюу жана техникалык тейлөө боюнча иштерди аткаруу ыкмалары;<br>- пайдалануу материалдары менен иштөө эрежелери;<br>- номердик, таануучу белгилер, эскертүү түзүлүштөрү, жазуулар жана белгилер;<br>- эмгек жана эс алуу режимине, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелерине жана нормаларына коюлган талаптар;<br>- транспорттук каражаттарды коопсуз башкаруунун негиздери; жол жана товардык-транспорттук документтерди тариздөө тартиби;<br>- айдоочунун өзгөчө кырдаалдардагы аракеттеринин тартиби; биринчи жардам пакети менен камсыздалышы, анын курамындагы каражаттардын максаты жана колдонуу эрежелери;<br>- жол-транспорттук кырсыктарда жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү ыкмалары жана иш-аракеттердин ырааттуулугу;<br>- өрт өчүрүүчү каражаттарды колдонуу эрежелери.<br>***<u>көндүмдөргө ээ болууга тийиш:</u>*** | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - транспорт каражаттарынын кыймылы, токтоосу жана токтоп туруусу;<br>- жол кесилиштеринен, жөө адамдар өтүүчү жерлерден, жалпы пайдалануудагы транспорт каражаттарынын аялдамаларынан жана темир жол өтмөктөрүнөн өтүү;<br>- жол кыймылынын өзгөчө шартын сактоо;<br>- адамдарды жана жүктөрдү ташуу;<br>- транспорт каражаттарынын техникалык абалын текшерүү;<br>- жол кыймылынын эрежелерин сактоо;<br>- ар кандай жол жана метеорологиялык шарттарда транспорт каражаттарын коопсуз башкаруу. | | | |
| ЖКД 1.1.4 | **Айдоочунун ишмердүүлүгүнүн психофизиологиялык негиздери**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- жол кыймылынын эрежелери, жол кыймылын жөнгө салуучу ченемдик актылар;<br>- транспорт каражатын башкарууну камсыз кылуучу психикалык жана физиологиялык процесстердин комплекси;<br>- анын ичинде сезүү кабылдоосу (көрүү, угуу);<br>- көңүл буруу, эс тутум;<br>- ылдамдык, реакция;<br>- мейкиндикти кабылдоо;<br>- эмоционалдык, өзүн-өзү жөнгө салуу.<br>***көндүмдөргө ээ болууга тийиш:***<br>- коопсуз башкаруу;<br>- жетиштүү чечимдерди кабыл алуу;<br>- татаал жол кырдаалдарында башкаруу;<br>- тобокелдиктерди жана мотивацияны жетиштүү баалоо;<br>**- айдоо стилин иштеп чыгуу.** | 40 | ЖКД 1.1.4 Айдоочунун ишмердүүлүгүнүн психофизиологиялык негиздери | ЖК 1- 6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2<br>КК-1.1.3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| ЖКД 1.1.5 | **Айдоочунун уктук негиздери жана этикасы**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу<br>***билүүгө тийиш:***<br>- мыйзам актылары, ченемдер жана эрежелер;<br>- айдоочунун уктары жана милдеттери;<br>- жол кыймылынын коопсуздугу жөнүндө мыйзам;<br>- өз ара сыйлоо, сылыктык, боор ооруу;<br>- сылыктык жана сабырдуулук эрежелери: башка жол кыймылынын катышуучуларына карата зомбулук, кемсинтүү, кескин кыймылдар жана мимиканын жоктугу;<br>- жол кырдаалы жана туура чечимдер;<br>- жол кырсыгынан келтирилген зыянды төлөө;<br>- жол шарттарына ылайык келген коопсуз аралыкты жана ылдамдыкты сактоо;<br>***көндүмдөргө ээ болууга тийиш:***<br>- жол кырсыгы болгондо биринчи жардам көрсөтүү;<br>- жол кыймылынын башка катышуучуларын сыйлоо;<br>- башка айдоочулар үчүн түшүнүктүү маневрлерди жасоо (бурулуштар, кайра тизилүүлөр);<br>- сылыктык жана токтоолук: жол кыймылынын башка катышуучуларына карата агрессиянын, кемсинтүүлөрдүн, кескин жаңсоолордун жана мимиканын жоктугу;<br>- зарыл болгон учурда жол кыймылынын башка катышуучуларына жардам көрсөтүү;<br>- аралыкты жана ылдамдык режимин сактоо: коопсуз аралык жана жол шарттарына ылайык келген ылдамдык;<br>- [illegible] өз ролун жана аракеттеринин кесепеттерин түшүнүү;<br>- көңүл буруу жана этият болуу: жолго көңүл буруу, унаанын тазалыгы жана этият айдоо стили; | 20 | ЖКД 1.1.5 Айдоочунун уктук негиздери жана этикасы | ЖК 1- 6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2<br>КК-1.1.3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | - чыңалуу жана чыр-чатактуу кырдаалдарда тынчтыкты сактоо;<br>- коопсуздукка таасир этүүчү зыяндуу адаттардан баш тартуу жана сергек жашоо образын кармануу;<br>- жол кыймылынын башка катышуучуларына урмат көрсөтүү, сылык болуу жана жардамга келүүгө даяр болуу. | | | |
| ЖКД 1.1.6 | **Жол-транспорт кырсыгында биринчи жардам көрсөтүү**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- жалпы жоболор. Адамдын анатомиясынын жана физиологиясынын негиздери;<br>- жаракат алганда жана жол кырсыгынан жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүү;<br>- жол кырсыгынан жабыркагандарга биринчи жардам көрсөтүүдөгү аракеттердин ырааттуулугу;<br>- алкоголдун, баңгизаттын айдоочунун эмгекке жөндөмдүүлүгүнө тийгизген зыяндуу таасири;<br>- жабыркагандарга медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруунун жана ырааттуулугунун принциптери.<br>***көндүмдөргө ээ болууга тийиш:***<br>- Кан агууну убактылуу токтотуу ыкмаларын колдонуу: басымдуу таңгыч коюу, артерияны басуу, бут-колду максималдуу бүгө кармоо, жгут салуу. Кан агууну колдо болгон каражаттар менен токтотуу;<br>- Сыныктарда таңгыч салуу. Негизги таңгыч түрлөрү: айтанма, кайчылаш, пластырь менен бекитилген, үч бурчтук жага (косынка) менен салынган жана башка түрлөр;<br>- «Ооздон оозго» жасалма дем алдыруу техникасын иштеп чыгуу жана жүрөккө кыйыр массаж жасоо;<br>- Күн өтүүдөн, дененин ар кандай даражадагы | 20 | ЖКД 1.1.6 Жол-транспорт кырсыгында биринчи жардам көрсөтүү | ЖК 1- 6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2<br>КК-1.1.3<br>КК-1.1.4 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | күйүктөрүнөн, жалпы муздашыдан жана дене бөлүктөрүнүн үшүк алышынан улам жабыркаган учурда биринчи медициналык жардам көрсөтүү. | | | |
| **КЦ** | **Кесиптик цикл (**)** | 70 | | |
| **КМ.00** | **Негизги бөлүк:**<br>**Кесиптик модулдар** | | | |
| | **Модулдун аталышы** | | | |
| КМ 01 | **«С» категориясындагы (механикалык трансмиссия / автоматтык трансмиссия менен) автомобиль айдоо. Анын ичинен автотренажердо 10 саат.**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- автомобилдердин түзүлүшү жана классификациясы;<br>- автомобилдердин түрлөрү жана аларды колдонуу шарттары;<br>- автомобилдин компоненттери, башкаруу каражаттары жана алардын өзгөчөлүктөрү, эксплуатациялык функциялары;<br>- жол кыймылынын эрежелери;<br>- автомобилдин жол башкаруу системасы жана анын өзгөчөлүктөрү;<br>- автомобилдин механизмдеринин иштөө принциптери;<br>- коопсуз башкаруу;<br>- психофизиологиялык аспектилер;<br>***кондүмдөргө ээ болууга тийиш:***<br>- «С» категориясындагы автомобилди башкаруу (механикалык трансмиссия / автоматтык трансмиссия менен);<br>- жол кырдаалдарын алдын ала билүү;<br>- сапарды пландаштыруу жана аткаруу, автомобиль | 56 | КМ 01.<br>«С» категориясындагы автомобиль айдоо (механикалык трансмиссия менен / автоматтык трансмиссия менен). | ЖК 1-6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2<br>КК-1.1.3<br>КК-1.1.4<br>КК-1.1.5<br>КК-1.1.6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жолдорунун атласын, жол белгилерин жана көрсөткүчтөрүн, радиотехникалык жана навигациялык жабдууларды колдонуу;<br>- транспорт агымын башкарууда оптималдуу жүрүм-турум моделин колдонуу (анын ичинде автомагистралда);<br>- коопсуз ылдамдыктан ашпоо, коопсуз аралыкка салыштырмалуу аралыкты жана туурасынан кеткен интервалды азайтпоо;<br>- ылдамдыкты азайтпоо жана башка транспорт каражаттарынын кыймылына тоскоолдук жарата баштаган чоңдуктарга салыштырмалуу туурасынан кеткен интервалды көбөйтпөө;<br>- башкарылуучу дөңгөлөктөрдүн абалы жөнүндө пикирди сактоо менен жолду башкаруу;<br>- ордунан козголуу (анын ичинде өйдөлөш жерде), экономикалык алгоритм боюнча ылдамдыкты көбөйтүү механизмдерди которуу менен ылдамдануу;<br>- ылдамдыкты турукташтыруу;<br>- Ылдамдыкты көбөйтүү, өткөргүчтөрдү которуу менен кыймылдаткычты колдонуп ылдамдыкты азайтуу жана тормоздоо;<br>- Негизги тормоз системасы аркылуу кадимки тормоздоо;<br>- токтоочу тормоздун жардамы менен автомобилди бекем кармоо;<br>- автомобилди белгиленген траектория боюнча багыттоо жана анын траекториядан тайышын түзөтүү | | | |
| ОК1 | *- [illegible] мобилдин кыймылын башкаруу (механикалык [illegible] / автоматтык трансмиссия менен): [illegible], тормоздоо, багыттоо жана каптал кыймыл, төмөн ылдамдыкта маневр жасоо, анын ичинде артка* | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | *жылуу;*<br>*- автомобилдин кыймылын кризистик кырдаалдарда башкарат (тайгалануу, оодарылуу, начар көрүнүү, кыймылдын коопсуздугуна таасир этүүчү күтүлбөгөн бузулуулар ж.б.);*<br>*- автомобилди күйүүчү май жана башка эксплуатациялык материалдар менен толтуруу зарылдыгын аныктайт.* | | | |
| КМ 02 | **«С» категориясындагы автомобилге техникалык тейлөө жүргүзүү**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- автомобилди башкаруу объектиси катары түзүлүшү жана анын техникалык эксплуатациясы;<br>- транспорт каражаттарына тейлөө жүргүзүүдөгү коопсуздук техникасынын эрежелери;<br>- автомобилге күнүмдүк техникалык тейлөө жүргүзүү операцияларынын тизмеси;<br>- техниканы сактоого даярдоо жана сактоодон чыгаруу тартиби;<br>- техниканы сактоого коюуда колдонулуучу негизги материалдар;<br>- автомобилге техникалык тейлөө жүргүзүүнүн түрлөрү жана мезгилдүүлүгү;<br>- автомобилге техникалык тейлөө жүргүзүү технологиясы;<br>- техникалык тейлөө операцияларын аткаруу үчүн жабдуулардын тизмеси жана техникалык мүнөздөмөлөрү;<br>- автомобилдин техникалык бузулууларынын себептери.<br>***[illegible] ээ болууга тийиш:***<br>[illegible] 0 [illegible] ашкан жана айдоочунун [illegible] тышкары сегизден ашык отургучтары жок | 10 | КМ 02.<br>«С» категориясындагы автомобилге техникалык тейлөө жүргүзүү | ЖК 1-6<br>КК-1.1.1<br>КК-1.1.2<br>КК-1.1.3<br>КК-1.1.4<br>КК-1.1.5<br>КК-1.1.6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | автотранспорттун ар бир сменалык текшерүүсүн жүргүзүү;<br>- «С» категориясындагы, уруксат берилген максималдуу салмагы 750 килограммдан ашкан чиркегичи бар автомобилдер;<br>- уруксат берилген максималдуу салмагы 750 килограммдан ашкан чиркегичи бар «С» категориясындагы автомобилдерди айдоо, эгерде мындай транспорт каражаттарынын жалпы уруксат берилген максималдуу салмагы техникалык талаптарга ылайык 3500 килограммдан ашса. | | | |
| *ОН2* | - *автомобилдин ичинде болгон шаймандар жана каражаттардын мүмкүнчүлүгү чегинде агрегаттарды, приборлорду же тетиктерди алмаштыруу жана жөндөө иштерин жүргүзүү.* | | | |
| КМ 03 | **Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу**<br>Милдеттүү бөлүгүн өздөштүргөндөн кийин билим алуучу ***билүүгө тийиш:***<br>- автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу (жеткирүү) тартибин аныктоочу ченемдик укуктук актылар;<br>- автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташууну ченемдик укуктук жактан камсыздоо;<br>- жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорттун техникалык-эксплуатациялык көрсөткүчтөрү;<br>- таксилердин линиядагы ишин диспетчердик башкаруу.<br>***көндүмдөргө ээ болууга тийиш:***<br>[illegible] линиясында иштөө;<br>- [illegible] транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктө[illegible] ташуу (жеткирүү);<br>- [illegible] техникасын сакто[illegible] жүктөөнү[illegible] нормаларын сактоо менен жүктөрдү | 4 | КМ 03. Автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу | ОК 1-6<br>КК-1.1.1<br>КК -1.1.2<br>КК -1.1.3<br>КК -1.1.4<br>КК-1.1.5<br>КК -1.1.6 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ташуу. | | | |
| *ОНЗ* | *- жүргүнчүлөрдү ташуу эрежелерин сактоо менен, жүктөөнүн нормаларын сактоо менен, коопсуздук техникасын сактоо менен жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча ишти аткарат;*<br>*- эмгек жана эс алуу режимин сактоо;*<br>*- жол кырсыгына кабылганда өзүнө, жүргүнчүлөргө, башка жабыр тарткандарга биринчи медициналык жардам көрсөтөт.* | | | |
| | Консультация | 10 | | |
| ЖМА | Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация. | 6 | | |
| | «ТКАКК МБ» дагы сынак | 4 | | |
| | Жалпы саат | | | |
| | Жумалык жүктөм | 8 | | |
| | Транспортту айдоо | 70 | | |

(*) Циклдерге (жалпы кесиптик жана кесиптик) кирген айрым дисциплиналардын эмгек сыйымдуулугу даярдалып жаткан кесиптин профилине ылайык аныкталат;

(**) Автомобиль айдоону окутуу сааттык жүктөмдүн алкагында 70 саат көлөмүндө жүргүзүлөт (анын ичинде 1 саат — көзөмөлдөө сабактары).

**Кыргыз Республикасынын Автомобилдин айдоочусу (8322 «С» категориясындагы автомобилдин айдоочусу) кесиби боюнча кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун курамы жөнүндө маалымат**

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Иштеген жери | Колу |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ибраева Н.Н. | Жетектөөчү адис | КРнын Агартуу министрлиги | |
| 2. | Молдалиев Э.Д. | Башкы адис | КРнын Президентинин Иш башкармаласына караштуу ТКАКК МБ | |
| 3. | Исаев Т.Б. | Улук окутучуу | КР ИИМнин Республикалык окуу борбору | |
| 4. | Саттарова А.Н. | Директордун орун басары | КРнын Агартуу министрлигине караштуу РИМБ | |
| 5. | Омурзакова З.А. | Бөлүм башчысы | КРнын Агартуу министрлигине караштуу РИМБ | |
| 6. | Дондошов Т.А. | Жетектөөчү адис | КРнын Агартуу министрлигине караштуу РИМБ | |
| 7. | Мандыбаев Т.К. | Окуу өндүрүштүк методикалык иштер боюнча директордун орун басары | №47 Кесиптик лицейи | |
| 8. | Дыйканалиев Т.Н. | Өндүрүштүк окутуунун устаты | №20 Кесиптик лицейи | |